ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетиндеги (МИТФ) информациялык технологиялар жана автоматташтырылган системалар (ИТАС) кафедрасынын профессордук-окутуучу курамы жана **жумуш берүүчүлөр менен жолугушуу**, маектешүү жана пикир алышуу үчүн онлайн түрүндө уюштуруу жана жыйынтыктарын НББПларда пайдалануу ишинин

**ПРОТОКОЛУ**

Ош ш., ОшМУ **ZOOM**
тиркемесин пайдалануу менен
онлайн жолугушуу

06.05.2020

***Катышкандар:*** Ф.-м.и.к., доцент Молдояров Уларбек Дүйшөбекович, ф-м.и.к., доцент Беделова Нургул Салибаевна, улук окутуучулар Саданов Абдибек Дүйшөбаевич, Ажибекова Айзада Токтогуловна, Окутуучу Ойчуева Роза Рахманбердиевна, улук лаборанттар Сүйүнбек уулу Акжол, Абжапарова Нурзада.

1. Масиркулов Шабданбек Төрөбаевич - "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Ош филиалынын Системалык администратору

2.Асранов Бекболот Байышевич - Старший специалист отдела сетеаого и технического сопровождение Ошской главной дирекции.Кыргызстан банк

3. Акбарали уулу Керимберди - "Рекорд" билим берүү уюмунун онлайн администратору, оператор, дизайнер.

4. Абдыкалыков Улан - ОсОО "ЭлКат" компаниясынын Оштогу филиалынын жетекчиси.

5. Атабаев Рахимө - it адиси, АРСЕНАЛ сервис борбору

6. Саданов Эрнис - жетектөөчү адис, ЭкоБАНК

7. Кыштообаев Орозалы – Госрегистр.

8. Эркулова Сүйүмкан - авиакасса

9. Жунусов Бердали Суйунбайевич -Заведующий ОсОО "Аванте"

10.Тешебаев Динмуханбет – Ош областар аралык балдардын клиникалык оруканасы Башкы эсепчинин орун басары.

ж.б...

## Күн тартиби

1. Жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык келген жогорку билимдүү, кесипкөй кадрларды даярдоо (ЖОЖдун миссиясы, максаттары, окуу системасы, студенттердин практика өткөрүүсү, өнүгүү жолдору ж.б);

**Кеңешменин жүрүшү**

Кафедра башчысынын м.а., доцент **У.Д. Молдояров** иш берүүчүлөр менен кенен таанышып, учурдагы кырдаалды түшүндүрүү менен кеңешменин жүрүшүндө төмөндөгүлөрдү сүйлөдү:

- Урматтуу иш берүүчүлөр негизинен жолугушуунун максаты:

Жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык келген жогорку билимдүү, кесипкөй кадрларды даярдоо (ЖОЖдун миссиясы, максаттары, окуу системасы, студенттердин практика өткөрүүсү, өнүгүү жолдору ж.б);

Кеңешменин жүрүшүндө У.Д. Молдояров жогоруда аталган максаттарга кенен токтолду жана АСОИУ, ПОВТАС адистиктеринин окуу планында жабык берилген ЖОЖ компоненттер боюнча түшүндүрүп иш берүүчүлөрдүн сунуштары, ой-пикирлери адистикти даярдоо үчүн чоң мааниге ээ экендигин баса белгиледи

**Иш берүүчү С.Эркулова:** Урматтуу профессордук-окутуучу курам бүгүнкү отурум адистикти даярдоодо чоң салым кошот деп ишенем, биз жана сиздердин байланышыңыздар жылдан-жылга чыңалып келе жатат. Мен иштеген жерге мүмкүн болушунча жогорку курстардын студенттерин жөнөтүүңүздөрдү суранат элем, себеби биздин иш кананын программалары бир аз татаал. Ошондой эле студенттерге дипломдук иштин темаларын бекитүүдө иш берүүчүлөр менен кеңешип керектүү чакан көлөмдөгү адистештирилген программалык жабдылыштарды даярдатып берсеңиздер.

**Иш берүүчү О.Кыштообаев:** Урматтуу профессордук-окутуучу курам жана Улар агай бүгүнкү отурум жалпы жаштардын келечегине салым кошот деген ишеничтемин. Менин сунушум сиз көрсөтүп тааныштырган окуу планындагы, биз сунуш бере ала турган предметтердин катарына булуттук технологиялар кызматтарын жана Web технологиялар багытында дисциплиналарды дагы кошуп коюуңуздарды сунуштайт элем.

Бул талкууда учурдагы шартка байланыштуу иш берүүчүлөрдөн Google class тиркемесинин жардамында онлайн анкета алынары да белгиленди.

Кеңеменин жүрүшү иш берүүчүлөрдүн көптөгөн сунуштары жан ой-пикирлери протоколдоштурулгандан сырткары видеозапись жана сүрөткө алуу менен коштолду

Эгер мындан да көбүрөөк маалымат алганды кааласаңыздар ОшМУ нун www.Oshsu.kg сайттынан көрсөңүздөр болот

**Күн тартибине коюлган маселени талкуулашып төмөндөгөй ЧЕЧИМ кабыл алынды:**

1. Жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык келген жогорку билимдүү, кесипкөй кадрларды даярдоо боюнча өткөрүлгөн талкуу канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.

2. Иш берүүчү О.Кыштообаевдин сунушу кафедранын кеңешмесинде кароо жана элективтик курстардын базасын түзүүдө эске алуу сунушталсын.

3. Иш берүүчү С.Эркулованын сунушу кафедранын кеңешмесинде кароо сунушталсын

Кафедра башчысынын м.а., доцент У.Д. Молдояров

Катчы: Р.Р.Ойчуева